| | | |
|---|---|---|
| | *Q-2024-0021*<br>(документтин шифри) | **Ош мамлекеттик университети** |
| | *10-бет*<br>(беттин саны) | **САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ** |
| | *21.06.2024-жыл*<br>(бекитилген датасы) | **Окутуу программасын (Syllabus) иштеп чыгуу боюнча жобо** |

БЕКИТЕМИН
ОшМУнун ректору,
проф. К.Г. Кожобеков_________
2024-ж. “____” _______________

**ОКУТУУНУН САПАТЫ ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДОО БӨЛҮМҮ**

# ОКУТУУ ПРОГРАММАСЫН (Syllabus) ИШТЕП ЧЫГУУ БОЮНЧА

# Ж О Б О

**Ош, 2024**

# ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | Окутуу программасын (Syllabus) иштеп чыгуу боюнча жобо |
| Документтин теги | ОшМУнун сапатты камсыздоо саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилгендиги жөнүндө маалымат | 2024-жылдын 21-июнундагы ОшМУнун Административдик кеңешинин №27 протоколунун чечими менен бекитилген. |
| Документтин шифри | Q-2024-0021 |
| Документтин кыскача аннотациясы | Бул жобо Ош мамлекеттик университетинин дисциплинаны окутуунун программасын (Syllabus) иштеп чыгууну аныктайт. Жобо университеттин сапатты камсыздоо системасынын документи болуп эсептелинет. |

**ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ**


| | | |
|---|---|---|
| 1. | Титулдук барак | 1 |
| 2. | Ченемдик документтердин паспорту | 2 |
| 3. | Шарттуу кыскартуулар | 2 |
| 4. | 1. Жалпы жоболор | 3 |
| 5. | 2. Силлабусту иштеп чыгуунун максаты жана күтүлүүчү натыйжалары | 3 |
| 6 | 3. Силлабусту иштеп чыгуу | 4 |
| 7 | 4. Студенттердин билимин баалоо системасы | 5 |
| 8. | 5. Балл коюу саясаты | 5 |
| 9. | 6. Курстун саясаты | 6 |
| 10. | Силлабустун макети | 7 |


## ШАРТТУУ КЫСКАРТУУЛАР

ОшМУ – Ош мамлекеттик университети

НББП – негизги билим берүү программалары

ПЦК – предметтик циклдык комиссия

УТ – учурдагы текшерүү

АТ – аралык текшерүү

ОН – окутуунун натыйжасы

ДОН – дисциплинаны окутуунун натыйжасы

ГОСТ – мамлекеттик стандарт

ПЦ – профессионалдык цикл

ЖББЦ – жалпы билим берүүчү цикл

## 1.Жалпы жоболор

1.1. Жобо төмөнкү укуктук ченемдик документтерге ылайык иштелип чыкты:

- КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 1.02 №537/1 буйругу.
- 2024-жылдын 16-апрелиндеги №556/1 буйругу менен бекитилген Университеттин Уставы.
- Ош мамлекеттик университетинин академиялык саясаты.
- Ош мамлекеттик университетинин академиялык саясаты "ОшМУда окуу процессин уюштуруу" жөнүндө жобо А-2024-0001, 2024.07.03.2024

1.2. Силлабус бул өздөштүрүүчү дисциплинанын мүнөздөмөсүн, курстун максаттарын жана милдеттерин, кыскача мазмунун, темаларды жана бөлүмдөрдү, негизги жана кошумча адабияттардын тизмесин камтыган дисциплинанын окутуу программасы болуп саналат.
1.3. Силлабус студентке окуу процессинин бардык кадамдары так жана түшүнүктүү болушу үчүн толук маалымат берет жана ал студенттин жол картасы болуп саналат.
1.4. Силлабустар тиешелүү адистик боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын жана НББПнын логикалык моделинин негизинде "ОшМУда окуу процессин уюштуруу" жөнүндө жобосунун 4.7-пунктуна ылайык түзүлөт.
1.5. Силлабус "ОшМУда окуу процессин уюштуруу" жөнүндө жобосунун 4.5- жана 4.6-пунктуна ылайык, ар бир семестрдин башында студенттерге жеткирилет.
1.6. Силлабус адистерди даярдоо системасындагы дисциплинанын ролун жана ордун эске алуу менен түзүлөт.
1.7. Силлабуста студенттердин кандай билимге, жөндөмдүүлүктөргө, көндүмдөргө, компетенцияларга жана тажрыйбага ээ болору жөнүндө маалымат камтылат жана "ОшМУда окуу процессин уюштуруу" жөнүндө жобосунун 6.1.-6.2-пункттарына негизделип, модулдук-рейтингдик система аркылуу бааланат.
1.8. Силлабуста "ОшМУда окуу процессин уюштуруу" жөнүндө жобосунун 3.14-пунктуна ылайык, окуу сабактарынын, аралык (экзамендик сессиялардын), жыйынтыктоочу аттестациялардын (мамлекеттик аттестациянын) жана каникулдардын узактыгы эске алынып түзүлөт.
1.9. Силлабуста студенттерди мотивациялоо максатында, "ОшМУда окуу процессин уюштуруу" жөнүндө жобосунун 6.12-пунктунадагы GPA рейтинги тууралуу маалымат көрсөтүлөт.

## 2. **Силлабусту иштеп чыгуунун максаты жана күтүлүүчү натыйжалары**

2.1. Максаты:

- окутуучу менен студенттин өз ара аракеттенүүсүн белгилөөчү документ катары ар бир дисциплинага кредиттик технологиянын талаптарына ылайык түзүү;
- профессорлордун, окутуучулардын билим берүү программаларынын азыркы талаптарына ылайык окуунун багыттарын аныктоо жана билим берүү программаларын системалаштыруу;
- окутулуп жаткан курстун тиешелүү маалыматтары менен студенттерди ырааттуу түрдө тааныштыруу жана курстун актуалдуулугун аныктоо, саясатты түшүнүү, атайын көндүмдөрдү өздөштүрүү.

2.2. Дисциплинаны окутуунун максаттары конкреттүү адистикке карата багытталат жана студенттердин негизги көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн калыптандыруу үчүн коюлган милдеттерди чечет.
2.3. Силлабустагы максаттардын, милдеттердин жана күтүлүүчү натыйжалардын так аныкталышы студенттерге дисциплинаны окуу процессинде эмнени үйрөнүшү керектигин

жана кандай компетенцияларга ээ болорун түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Бул окутуунун натыйжалуу уюштурулушуна шарт түзөт.

## 2. Силлабусту иштеп чыгуу

3.1. Силлабусту иштеп чыгууда анын түзүлүшү боюнча төмөнкү талаптар сакталышы керек:

- титулдук баракта тиешелүү министрликтин (КРнын ББжИМ) аталышы, окуу жайдын, факультеттин, институттун, жогорку мектептин, колледждин (мындан ары – түзүмдөр) жана кафедранын (ПЦКнын, бөлүмдүн) аталышы көрсөтүлөт;
- түзүмдөрдөгү методкеңештин төрайым/төрагасы менен макулдашуусу датасын көрсөтүү менен тастыкталат;
- документти иштеп чыгууда кафедрада (ПЦКда, бөлүмдө) талкууланып, кафедра (ПЦК, бөлүм) башчысынын кол тамгасы менен бекитилет;
- дисциплинанын аталышы, даярдоо багыты, окутуу формасы; кредиттердин саны, курсу, семестри; саат түрүндөгү жалпы көлөмү, аралык текшерүүлөрдүн, экзамендердин саны көрсөтүлөт;
- окутуучу жөнүндө маалымат: окутуучунун аты-жөнү, илимий даражасы жана наамы, ээлеген кызматы, стажы, иш орду (кафедранын (ПЦКнын) аталышы, кабинеттин номери); байланыш телефондору, электрондук дареги, иштөө графиги ж.б. жазылат;
- датасы: курсту үйрөнүүчү окуу жылы көрсөтүлөт.

3.2. Дисциплинаны үйрөнүүнүн максаты НББПнын жалпы максаттарына жараша НББПдагы компетенциялар матрицасында аныкталган компетенциялардын негизинде түзүлөт.
3.3. Дисциплинаны окутуунун натыйжасында студент ала турган билимдер жана түшүнүктөр, калыптандырылуучу билим, билгичтик жана көндүмдөр көрсөтүлөт. Ал НББПны өздөштүрүүнүн натыйжаларына жана берилген компетенцияларга ылайык түзүлөт.
3.4. Пререквизиттер – дисциплинаны өздөштүрүү үчүн зарыл болгон билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү камтыган дисциплиналардын тизмеси.
3.5. Постреквизиттер – дисциплинаны өздөштүрүүдөн алынган билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр талап кылынуучу кийинки дисциплиналар.
3.6. Со-реквизиттер – башка дисциплиналар менен катарлаш окула турган дисциплиналар. Алар бул дисциплинаны окуу үчүн милдеттүү эмес, бирок материалды тереңирээк түшүнүү үчүн сунушталат.
3.7. Дисциплинанын технологиялык картасы студент ар бир модулдагы сабактардын түрлөрү (лекция, семинардык, практикалык, лабораториялык) боюнча сааттардын санын жана УТ, АТларда топтоочу (максималдуу) упайларын билиши үчүн зарыл жана "ОшМУда окуу процессин уюштуруу" жөнүндө жобосундагы №1 тиркемеге ылайык жүргүзүлөт.
3.8. Сабактардын түрлөрү боюнча сааттарды бөлүштүрүүнүн календарлык-тематикалык планында темалар, сааттардын жана упайлардын саны (сабактардын ар бир түрү боюнча), жумалар көрсөтүлөт жана ОшМУнун академиялык календарына карап түзүлөт. Календарлык-тематикалык план таблица түрүндө берилет.
3.9. Дисциплинанын окуу-методикалык жана маалыматтык жактан камсыздалышы.

***Негизги адабияттардын тизмесине*** базалык (негиз болуучу) окуу китептери, окуу колдонмолору жана электрондук ресурстар киргизилиши керек. Муну түзүүдө алардын студенттер үчүн жеткиликтүүлүгү, китепканада жетиштүү сандагы нускада болушу эске алынышы шарт. Гуманитардык-экономикалык дисциплиналар үчүн акыркы 5 жыл ичинде чыккан, табигый-техникалык багыттагы адистиктердеги атайын жана жалпы билим берүүчү дисциплиналар үчүн акыркы 10 жыл ичинде чыккан жылы сунушталууга тийиш.

Негизги адабияттардын оптималдуу саны – 3-5тен көп эмес базалык окуу китептери жана нормативдик актылар.

***Кошумча адабияттар*** негизги адабияттардан аталышы менен айырмаланып берилет. Адабияттардын кошумча булактарынын саны регламенттештирилбейт. Адабияттардын тизмеси ГОСТ 7.1-2003 талаптары боюнча берилет (ГОСТ 7.1 – 2003 боюнча документтердин библиографиялык берилишинин мисалдары таблицада келтирилген). Акыркы 5 жылда жарык көргөн кошумча адабияттардын тизмеси 5-10 булактардын, электрондук ресурстардын жана интернет булактарынын аталыштарын камтыйт.

Адабияттардын тизмеси (окуу ресурстары) алфавит тартибинде бирдиктүү номерлөө аркылуу силлабустун макетинде берилгендей түзүлөт.

## 4. **Студенттердин билимин баалоо системасы**

4.1. ОшМУда окуу тапшырмаларынын бардык түрлөрү боюнча студенттердин окуу жетишкендиктери билимди баалоо үчүн баллдык-рейтингдик тамга системасы аркылуу бааланат, бул окутуучуга студенттердин билим деңгээлин аныктоодо ийкемдүү мамиле жасоого мүмкүндүк берет.

4.2. “ОшМУда окуу процессин уюштуруу” жөнүндө жобосунун модулдардын технологиялык картасына, баалоо картасына жана сабак учурунда балл топтоо торчосуна ылайык жүргүзүлөт.

https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21725274455Okuu_proc._reg._ZhOBO_Dlya_sayta_UTVERZhDEN.pdf

**Академиялык натыйжалуулукту баалоо шкаласы:**

| Баасы | | **Упайдын сандык эквиваленти** | **Рейтинг (упайы)** |
|---|---|---|---|
| Салттуу система менен | Тамга системасы боюнча | | |
| Эң мыкты | A+ | 4,0 | 95-100 |
| | A | 3,75 | 90-94 |
| Эң жакшы | B+ | 3,50 | 85-89 |
| | B | 3,25 | 80-84 |
| Жакшы | C+ | 3,0 | 75-79 |
| | C | 2,75 | 70-74 |
| Канааттандырарлык | Д+ | 2, 50 | 65-69 |
| | Д | 2,0 | 61-64 |
| Канааттандырарлык эмес | FX | 1,0 | 31-60 |
| | F | 0 | 1-30 |
| “Дисциплина өздөштүрүлгөн жок” (GPA эсептөөлөргө киргизилген эмес) | I (Incomplete) | - | 0 |

## 5. Балл коюу саясаты

5.1. Окутуунун кредиттик технологиясынын шарттарында окуу процессин уюштуруунун бир элементи болуп студенттердин окуу жетишкендиктерин баалоонун баллдык-рейтингдик системасын пайдалануу эсептелет. Баа коюу саясаты объективдүүлүк, ачыктык, ийкемдүүлүк жана жогорку дифференциация принциптерине негизделет.

5.2. Балл коюу саясаты “ОшМУда окуу процессин уюштуруу” жөнүндө жобосундагы студенттедин окуу жетишкендиктерин көзөмөлдөө жана эсепке алуу бөлүгүндө белгиленген принциптерге ылайык жүргүзүлөт.

## 6. Курстун саясаты

6.1. Окутуу программада студенттин тапшырмаларды аткаруусу, өз алдынча иштөөсү, сабакка катышуусу жана экзаменге даярдануусу үчүн талаптар так аныкталат. Бул студентке өз ишин уюштурууга, убактысын жана күч-аракетин өз алдынча бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берет.
6.2. Ар бир окутуучу сабактардагы, окутуучу жана башка студенттер менен өз ара мамилелешүүдөгү студенттердин жүрүм-турум эрежелерин, аларга коюлуучу талаптардын системаларын “ОшМУда окуу процессин уюштуруу” жөнүндө жобосунун 7.10-пунктуна ылайык алдын ала көрсөтөт. Булардын аткарылышы студенттер үчүн милдеттүү жана окуу процессинин жогорку эффективдүүлүгүн камсыз кылат.
6.3. Сунушталган талаптардын тизмеси берилген, булардын кайсы пункттарын силлабуска киргизүүнү окутуучу өзү чечет. *Мисалы:*

Студенттерге коюлуучу талаптар:
а) сабактарга сөзсүз катышуу;
б) практикалык (семинардык) сабактардагы активдүүлүгү;
в) сабактарга, үй тапшырмасын жана өз алдынча иштерди аткарууга даярдыгы;
г) студенттин өтүлгөн теманы өздөштүрүүсүн текшерүүдө интернет булактарынан алынган маалымат менен чектелбестен, жеке оюнун же көз карашын билдирүү жөндөмдүүлүгү ж.б.

Төмөнкүлөргө жол берилбейт:
а) сабактарга кечигүү жана сабактан кетип калуу;
б) сабак учурунда уюлдук телефонду орунсуз пайдалануу;
в) алдамчылык жана көчүрүп алуу (плагиат);
г) тапшырмаларды өз убагында аткарбоо ж.б.

6.4. Студенттерге коюлган жогорку талаптар аткарылбай калган учурда, “ОшМУда окуу процессин уюштуруу” жөнүндө жобосунун 6.5-7.9- жана 7.10-пунктуна ылайык каралат.

(Силлабустун макети)

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ФАКУЛЬТЕТ**

**(институт, жогорку мектеп, колледж)**

**КАФЕДРА (бөлүм, ПЦК)**

# ОКУТУУ ПРОГРАММАСЫ
**(Syllabus)**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Адистиги** | | **Курстун коду** | |
| **Окутуу тили** | | **Дисциплинасы** | |
| **Академиялык жыл** | | **Кредиттин саны** | |
| **Окутуучу** | | **Семестри** | |
| **E-Mail** | | **Расписание (сабак өткөн күн, убагы)** | |
| **Консультациялар (убагы/ауд)** | | **Орду (имарат/ауд.)** | |
| **Окутуунун формасы (күндүзгү, сырткы, кечки)** | | **Курстун тиби: (милдеттүү/элек-тивдүү)** | |

**Ош, 2024**

***Курска мүнөздөмө (max 150 сөз):***
***Курстун максаты: (2-3 сүйлөм)***

| | **Багыт /адистик/бөлүм** |
|---|---|
| **Пререквизиттер** | |
| **Постреквизиттер** | |
| **Со-реквизиттер** | |

| **Дисциплинаны окутуунун натыйжасы** | | |
|---|---|---|
| **Курстун аягында студент ээ болот:** | | |
| НББП боюнча ОН (окутуунун натыйжасы) | Дисциплинанын ОНу | Компетенциялар |
| | | |
| | | |
| **Окутуунун методдору:** | | |

**Лекциялык жана семинардык (практикалык, лабораториялык) сабактардын календардык-тематикалык планы**

| **№** | **Теманын аталыштары** | **Сааттардын саны** | | **Упайы** | **Адабият-тар** | **Аптасы** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **Лекция** | **Семинар** (практикалык, лабораториялык) | | | |
| | | **1-модуль** | | | | |
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| | | **2-модуль** | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | **Баары:** | | | | | |

***Курстун саясаты:***
*Студенттердин сабакка болгон мамилесин, аудиториялык сабактарга катышуусун, топтордо иш алып баруусун, кечигүүлөрү жана тапшырмаларды кечиктириши боюнча тизмек түзүлөт. Мисалы:* *толеранттуу болуу, башкалардын ой-пикирин урматтоо; макул эместиги сыпайы билдирүү* ж.б.

*•Академиялык чынчылдык сакталат. Басма же онлайн булактардан алынган алдамчылык же плагиатка жол берилбейт дегенди билдирет.*
*•тестирлөөнүн, экзамендердин жана сабактардын жүрүшүндө көчүрүүгө жана алдамчылыкка жол берилбейт; башка студент үчүн экзамендерди жана башка жазуу*

*иштерин (СӨАИ, тест-суроо тапшырмалар) тапшырууга, материалдарды уруксатсыз көчүрүүгө тыюу салынат.*
*•сабакка катышууга, ошондой эле текшерүүнүн бардык түрлөрүнөн (учурдагы, аралык, жыйынтыктоочу) өтүүгө жана СӨАИ тапшырууга милдеттүү.*
*https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21734320239BKF_zhobo_akyrky.pdf*

https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21734595575SOAI_zhobo_akyrkysy.pdf

***https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21732611015metod_instruk._poSRSP_(kyrg,_russ).pdf***

### *Баалоо системасы*
Академиялык чынчылдык декларациясы: Бул курста окуган студенттерден университеттин академиялык чынчылдык боюнча саясатына баш ийүүнү талап кылган декларация берилиш керек.
https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21725274455Okuu_proc._reg._ZhOBO_Dlya_sayta_UTVERZhDEN.pdf

**Бир семестр ичинде эки модулга бөлүү менен сунушталган технологиялык карта, лекция + практикалык саб. (M1+M2)**
**Рекомендуемая технологическая карта для двух модулей в разрезе одного семестра, лекция + практические зан. (M1+M2):**

| **Дисциплина** | **Кредит** | **Ауд.саат/ Ауд. часы** | **СӨАИ/СРС** | **1-модуль (25 балл)** | | | | **2-модуль (25 балл)** | | | | **Экзамен (50 балл)** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 40% | 60% | Ауд. саат/ Аудит.часы | | СӨАИ/ СОӨАИ СРС/СРСП | АТ/ РК (r) | Аудит. саат | | СӨАИ/ СОӨАИ СРС/СРСП | АТ/ РК (r) | ЖТ/ИК (E) |
| | | | | лек. | пр. | | | лек. | пр. | | | |
| ПЦ | 4 | 48 | 72 | 10 | 14 | 30/6 | | 10 | 14 | 30/6 | | |
| ЖББЦ/ООЦ | 4 | 48 | 72 | 14 | 10 | 30/6 | | 14 | 10 | 30/6 | | |
| Балл топтоо картасы/Карта накопления баллов | | | | 4 | 4 | 8 | 9 | 4 | 4 | 8 | 9 | |
| Модулдардын баллдарынын натыйжалары жана сынак/Результаты модулей и экзамена | | | | (M=tcp.+r+s) до 25 / 25ке чейин | | | | (M=tcp.+r+s) до 25 / 25ке чейин | | | | 50 |
| | | | | Rдоп. = M1 + M2 (30-50) | | | | | | | | |
| Жыйынтык баалоо/Итоговая оценка | | | | I = Rдоп. + E | | | | | | | | 100 |

**Бир семестр ичинде эки модулга бөлүү менен сунушталган технологиялык карта, практикалык саб. (M1+M2)**
**Рекомендуемая технологическая карта для двух модулей в разрезе одного семестра, практические зан. (M1+M2):**

| **Дисциплина** | **Кредит** | **Ауд.саат/ Ауд. часы** | **СӨАИ/СРС** | **1-модуль (25 балл)** | | | **2-модуль (25 балл)** | | | **Экзамен (50 балл)** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 40% | 60% | Практ. | СӨАИ/ СОӨАИ СРС/СРСП | АТ/ РК (r) | Практ. | СӨАИ/ СОӨАИ СРС/СРСП | АТ/ РК (r) | ЖТ/ИК (E) |
| Русский язык | 4 | 48 | 72 | 24 | 30/6 | | 24 | 30/6 | | |
| Балл топтоо картасы/Карта накопления баллов | | | | 5 | 10 | 10 | 5 | 10 | 10 | |
| Модулдардын баллдарынын натыйжалары жана сынак/Результаты модулей и экзамена | | | | (M=tcp.+r+s) до 25 / 25ке чейин | | | (M=tcp.+r+s) до 25 / 25ке чейин | | | 50 |
| | | | | Rдоп. = M1 + M2 (30-50) | | | | | | |
| Жыйынтык баалоо/Итоговая оценка | | | | I = Rдоп. + E | | | | | | 100 |

**Бир семестр ичинде бир модулга бөлүү менен сунушталган технологиялык карта, лекция + практикалык саб. (M1)**
**Рекомендуемая технологическая карта для одного модуля в разрезе одного семестра, лекция + практические зан. (M1):**

| Дисциплина | Кредит | Ауд.саат/ Ауд. часы | СӨАИ/СРС | 1-модуль (50 балл) | | | | Экзамен (50 балл) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 40% | 60% | Аудит.саат/ Аудит.часы | | СӨАИ/ СОӨАИ СРС/СРСП | АТ/ РК (r) | ЖТ/ИК (E) |
| | | | | лек. | пр. | | | |
| ЖББЦ/ООЦ | 2 | 24 | 36 | 14 | 10 | 30/6 | | |
| Балл топтоо картасы/Карта накопления баллов | | | | 8 | 8 | 16 | 18 | |
| Модулдардын баллдарынын натыйжалары жана сынак/Результаты модулей и экзамена | | | | (M=tcp.+r+s) до 50/ 50гө чейин | | | | 50 |
| | | | | Rдоп. = M1 (30-50) | | | | |
| Жыйынтык баалоо/Итоговая оценка | | | | I = Rдоп. + E | | | | 100 |

**Бир семестр ичинде бир модулга бөлүү менен сунушталган технологиялык карта, практикалык саб. (M1)**
**Рекомендуемая технологическая карта для одного модуля в разрезе одного семестра, практические зан. (M1):**

| **Дисциплина** | **Кредит** | **Ауд.саат/ Ауд. часы** | **СӨАИ/СРС СРС/СРСП** | **1-модуль (50 балл)** | | | **Экзамен (50 балл)** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 40% | 60% | Ауд. саат/ Аудит. часы | СӨАИ/ СОӨАИ СРС/СРСП | АТ/ РК (r) | ЖТ/ИК (E) |
| | | | | Практ. | | | |
| | 2 | 24 | 36 | 24 | 30/6 | | |
| Балл топтоо картасы/Карта накопления баллов | | | | 16 | 16 | 18 | |
| Модулдардын баллдарынын натыйжалары жана сынак/Результаты модулей и экзамена | | | | (M=tcp.+r+s) до 50/50гө чейин | | | |
| | | | | Rдоп. = M1 (30-50) | | | |
| Жыйынтык баалоо/Итоговая оценка | | | | I = Rдоп. + E | | | 100 |

| Окуу ресурстары<br>*(толук шилтемени колдонуңуз жана тексттерге/материалдарга кире турган жерди көрсөтүңүз)* | |
|---|---|
| **Электрондук ресурстар** (булар менен чектелбестен: маалымат базалары, анимация, моделдөө, кесиптик блогдор, веб-сайттар, башка электрондук маалымдама материалдары (мисалы, видео, аудио, дайджесттер) | (шилтемелер) |
| **Электрондук окуулуктар** | *Окуу колдонмолор (шилтеме): Резник С.Д. Преподаватель вуза: технологии и организация деятельности: окуу куралы / С.Д.Резник, О.А. Вдовина. – Пенза:ПГУАС,2014.–356б.* |
| **Лабораториялык физикалык ресурстар** | *Сабакта колдоно турган моделдерди жана куралдарды тизмелөө керек.* |
| **Атайын программалык камсыздоолор** | |
| **Укуктук ченемдик актылар** | *Аталышы (студент жүктөй турган же аны менен тааныша турган жерди басып кире турган шилтеме)* |
| **Окуу китептери (китепкана)** | |

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

1. Окуу иштери боюнча проректор : Омуров Н.К.
2. Санариптик трансформациялоо жана электрондук билим берүү боюнча проректор: Молдояров У.Д.
3. Орто кесиптик билим берүү департаментинин директору: Мамажакып уулу Ч.
4. Академиялык иштер башкармалыгынын начальниги: Манашов М.Э.
5. Укук иштери боюнча бөлүм башчы: Айдарбекова Ж.А.